# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

# ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025–2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө

2023-жылдын 14-декабрында

Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңеши кабыл алган

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу секторунун 2024–2026-жылдарга бюджетинин (консолидацияланган бюджетинин) болжолу 1-тиркемеге ылайык жактырылсын.

**2-берене**

1. Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети кирешелер боюнча 378 405 583,1 миң сом суммасында жана чыгашалар боюнча 367 493 223,5 миң сом суммасында 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджетинин профицити 10 912 359,6 миң сом суммасында белгиленсин жана ал финансылык активдер менен болгон операцияларды жүзөгө ашыруу үчүн жана тышкы милдеттенмелердин негизги бөлүгүн (мамлекеттик тышкы карыздын негизги суммасын) жабуу үчүн чыгашаларды каржылоого 2-тиркемеге ылайык жумшалсын.

3. Кыргыз Республикасынын 2025–2026-жылдарга республикалык бюджетинин төмөнкүдөй пландык көрсөткүчтөрү жактырылсын:

1) кирешелер боюнча план 2025-жылга – 423 556 084,1 миң сом суммасында, 2026-жылга – 470 969 189,2 миң сом суммасында;

2) чыгашалар боюнча план 2025-жылга– 398 647 073,5 миң сом суммасында, 2026-жылга – 441 450 370,2 миң сом суммасында;

3) Кыргыз Республикасынын 2025-жылга республикалык бюджетинин профицитинин планы – 24 909 010,6 миң сом суммасында;

4) Кыргыз Республикасынын 2026-жылга республикалык бюджетинин профицитинин планы – 29 518 819,0 миң сом суммасында.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин 2025–2026-жылдарга жактырылган пландык көрсөткүчтөрүн аларды ар бир конкреттүү мезгилге кабыл алууда тактоо жүргүзүүгө укуктуу.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

# ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О республиканском бюджете Кыргызской Республики на 2024 год и плановый период 2025-2026 годов

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики

14 декабря 2023 года

**Статья 1**

Одобрить прогноз бюджета сектора государственного управления (консолидированного бюджета) Кыргызской Республики на 2024–2026 годы согласно приложению 1.

**Статья 2**

1. Утвердить республиканский бюджет Кыргызской Республики на 2024 год по доходам в сумме 378 405 583,1 тыс. сомов и расходам в сумме 367 493 223,5 тыс. сомов согласно приложению 2.

2. Установить профицит республиканского бюджета Кыргызской Республики на 2024 год в сумме 10 912 359,6 тыс. сомов и направить его на финансирование расходов для осуществления операций с финансовыми активами и для покрытия основной части внешних обязательств (основной суммы государственного внешнего долга) согласно приложению 2.

3) Одобрить плановые параметры республиканского бюджета Кыргызской Республики на 2025-2026 годы:

1) план по доходам на 2025 год – в сумме 423 556 084,1 тыс. сомов, на 2026 год – в сумме 470 969 189,2 тыс. сомов;

2) план по расходам на 2025 год – в сумме 398 647 073,5 тыс. сомов, на 2026 год – в сумме 441 450 370,2 тыс. сомов;

3) план профицита республиканского бюджета Кыргызской Республики на 2025 год – в сумме 24 909 010,6 тыс. сомов;

4) план профицита республиканского бюджета Кыргызской Республики на 2026 год – в сумме 29 518 819,0 тыс. сомов.

4. Кабинет Министров Кыргызской Республики вправе производить уточнение плановых параметров республиканского бюджета Кыргызской Республики, одобренных на 2025-2026 годы, при их принятии на каждый конкретный период.

Министерство финансов Кыргызской Республики
Входящий № 1434
«16» 01 2024

**3-берене**

Кыргыз Республикасынын 2024–2026-жылдарга республикалык бюджетинин киреше бөлүгү 3 жана 4-тиркемелерге ылайык булактардан түшүүлөрдүн эсебинен түзүлсүн.

**4-берене**

Кыргыз Республикасынын 2024–2026-жылдарга республикалык бюджетинен чыгашаларды каржылоого каражаттар 5, 6 жана 7-тиркемелерге ылайык белгиленсин.

**5-берене**

1. 2024–2026-жылдарга мамлекеттик инвестициялар боюнча чыгашалар 8-тиркемеге ылайык белгиленсин.

2. Капиталдык салымдарды каржылоого 2024-жылы бөлүнгөн каражаттардын көлөмү 8 000 000,0 миң сом суммасында бекитилсин жана артыкчылыгын эске алуу менен алар 2024-жылга бекитилген тизмекке ылайык социалдык-экономикалык объекттерди, ичүүчү суу менен жабдуу системаларын, ирригациялык курулмаларды, автомобиль жолдорун, улуттук коопсуздук, укуктук тартип, куралдуу күчтөр объекттерин жана стратегиялык маанидеги объекттерди долбоорлоону, курууну, капиталдык оңдоону жана реконструкциялоону аяктоого/улантууга жумшалсын.

3. Капиталдык салымдарды каржылоого бөлүнгөн каражаттардын пландык көлөмү 2025-жылы – 8 000 000,0 миң сом, 2026-жылы – 10 000 000,0 миң сом суммасында бекитилсин.

4. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы-кредиттик фонддун мамлекеттик ипотекалык сертификаттарына ылайык табигый кырсыктардан жабыр тарткандарга берилүүчү бюджеттик каражаттарды төлөөгө 100 000,0 миң сом жумшалсын.

5. Дем берүүчү (үлүштүк) гранттарды каржылоого бөлүнгөн каражаттардын көлөмү 2024-жылы – 1 500 000,0 миң сом, 2025-жылы – 1 500 000,0 миң сом, 2026-жылы – 1 500 000,0 миң сом суммасында бекитилсин. Республикалык бюджеттен дотация алуучу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына дем берүүчү (үлүштүк) гранттарды каржылоонун артыкчылыгы белгиленсин.

**6-берене**

1. Корголгон беренелер ("Эмгек акы", "Социалдык фондго төгүмдөр", "Медикаменттерди жана медициналык багыттагы буюмдарды сатып алуу", "Тамак-аш азыктарын сатып алуу", "Социалдык камсыз кылуу боюнча жөлөкпулдар", "Калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар", "Стипендиялар"), ошондой эле мамлекеттик карыздык милдеттенмелер жана мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктеринин учурдагы гранттары ("Социалдык фондго трансферттер" жана "Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна трансферттер") боюнча чыгашаларды каржылоо биринчи кезектеги тартипте жүргүзүлсүн.

Алардын штаттык санынын өзгөрүүсүнө алып келген ченемдик укуктук актылардын кабыл алынышы менен бюджеттик мекемелерде бош орундардын түзүлгөндүгүнө байланыштуу корголгон беренелерге каралган суммаларды азайтууга жол берилет.



**Статья 3**

Формировать доходную часть республиканского бюджета Кыргызской Республики на 2024–2026 годы за счет поступлений из источников согласно приложениям 3 и 4.

**Статья 4**

Установить средства на финансирование расходов из республиканского бюджета Кыргызской Республики на 2024–2026 годы согласно приложениям 5, 6 и 7.

**Статья 5**

1. Установить расходы по государственным инвестициям на 2024–2026 годы согласно приложению 8.

2. Утвердить объем средств, выделенных на финансирование капитальных вложений в 2024 году, в сумме 8 000 000,0 тыс. сомов и с учетом приоритетности направить их на завершение/продолжение проектирования, строительства, капитального ремонта и реконструкции социально-экономических объектов, систем питьевого водоснабжения, ирригационных сооружений, автомобильных дорог, объектов национальной безопасности, правопорядка, вооруженных сил и объектов стратегического значения согласно утвержденному перечню на 2024 год.

3. Утвердить плановый объем средств, выделенных на финансирование капитальных вложений в 2025 году, в сумме 8 000 000,0 тыс. сомов, в 2026 году – 10 000 000,0 тыс. сомов.

4. Направить 100 000,0 тыс. сомов на выплату бюджетных средств, предоставляемых пострадавшим от стихийных бедствий, согласно государственным ипотечным сертификатам Финансово-кредитного фонда при Министерстве финансов Кыргызской Республики.

5. Утвердить объем средств, выделенных на финансирование стимулирующих (долевых) грантов в 2024 году, в сумме 1 500 000,0 тыс. сомов, в 2025 году – 1 500 000,0 тыс. сомов, в 2026 году – 1 500 000,0 тыс. сомов. Установить приоритетность финансирования стимулирующих (долевых) грантов органам местного самоуправления, получающим дотацию из республиканского бюджета.

**Статья 6**

1. Производить в первоочередном порядке финансирование расходов по защищенным статьям («Заработная плата», «Взносы в Социальный фонд», «Приобретение медикаментов и изделий медицинского назначения», «Приобретение продуктов питания», «Пособия по социальному обеспечению», «Пособия по социальной помощи населению», «Стипендии»), а также по государственным долговым обязательствам и текущим грантам других единиц сектора государственного управления («Трансферты Социальному фонду» и «Трансферты Фонду обязательного медицинского страхования»).

Допускается уменьшение сумм, предусмотренных на защищенные статьи, в связи с образованием вакансий в бюджетных учреждениях, принятием нормативных правовых актов, повлекших изменение их штатной численности.

2. Ушул Мыйзамга ылайык корголгон беренелер боюнча өздүк чыгашаларды толугу менен камсыз кылуу жоопкерчилиги мамлекеттик органдардын жетекчилерине жүктөлсүн.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары 2024–2026-жылдарга жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларын каржылоону биринчи кезектеги тартипте корголгон беренелер жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча жүргүзсүн.

**7-берене**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тиешелүү органдар тарабынан кабыл алынган ченемдик укуктук актыларга, ошондой эле түзүмдүк өзгөрүүлөргө, өндүрүштүн (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмүнүн өзгөрүүсүнө, баалардын деңгээлине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттери менен республикалык бюджеттин өз ара эсептерине тактоолорду киргизүүгө укуктуу.

**8-берене**

1. Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети боюнча жүгүртүлүүчү кассалык накталай акча 2024-жылдын 1-январына карата 1 000 000,0 миң сомдон кем эмес суммада белгиленсин.

2. Бир кредитордун алдында мамлекеттик тышкы карыздын жалпы суммасынын 45 пайызынан көп эмес карызынын түзүлүшүнө сандык чектөө белгиленсин.

3. Мамлекеттик карыздын чеги ички дүң продуктуга (ИДП) карата 70 пайыздан көп эмес белгиленсин.

**9-берене**

1. Мурда облустардын бюджетинде турган мекемелерди 2024-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинен каржылоо 9-тиркемеге ылайык жүргүзүлсүн.

2. Мурда облустардын бюджетинде турган мекемелерди 2025–2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинен каржылоонун пландык суммасы 10 жана 11-тиркемелерге ылайык жактырылсын.

**10-берене**

1. Жалпы мамлекеттик кирешелерден чегерүүлөрдүн 2024–2026-жылдарга төмөнкүдөй ченемдери белгиленсин:

1) салык агенттери төлөөчү киреше салыгы – шаарлардын жана айыл аймактарынын жергиликтүү бюджеттерине 100 пайыз өлчөмүндө;

2) сатуудан алынуучу салык – республикалык бюджетке 100 пайыз өлчөмүндө;

3) стратегиялык пайдалуу кендерди (алтын, мунай зат, газ) кошпогондо, жер казынасын пайдалангандыгы үчүн салык (роялти): кендерди иштетүү жери боюнча шаарлардын жана айыл аймактарынын жергиликтүү бюджеттерине – 50 пайыз, республикалык бюджетке – 50 пайыз өлчөмүндө;

4) жер казынасын пайдалангандыгы үчүн салык (бонус) – республикалык бюджетке 100 пайыз өлчөмүндө;

5) патенттин негизиндеги салык – шаарлардын, айыл аймактарынын жергиликтүү бюджеттерине 100 пайыз өлчөмүндө;



2. Возложить ответственность на руководителей государственных органов за полное обеспечение собственных расходов по защищенным статьям в соответствии с настоящим Законом.

3. Органам местного самоуправления осуществлять финансирование расходов местных бюджетов на 2024–2026 годы в первоочередном порядке по защищенным статьям и коммунальным услугам.

**Статья 7**

Кабинет Министров Кыргызской Республики вправе вносить уточнения во взаимные расчеты республиканского бюджета с бюджетами органов местного самоуправления согласно принимаемым соответствующими органами нормативным правовым актам, а также структурным изменениям, изменениям объемов производства (работ, услуг), уровням цен.

**Статья 8**

1. Установить оборотную кассовую наличность по республиканскому бюджету Кыргызской Республики на 1 января 2024 года в сумме не менее 1 000 000,0 тыс. сомов.

2. Установить количественное ограничение образования задолженности перед одним кредитором не более 45 процентов от общей суммы государственного внешнего долга.

3. Установить предел государственного долга не более 70 процентов к валовому внутреннему продукту (ВВП).

**Статья 9**

1. Производить финансирование из республиканского бюджета Кыргызской Республики на 2024 год учреждений, ранее состоявших на бюджете областей, согласно приложению 9.

2. Одобрить плановую сумму финансирования из республиканского бюджета Кыргызской Республики на 2025-2026 годы учреждений, ранее состоявших на бюджете областей, согласно приложениям 10 и 11.

**Статья 10**

1. Установить на 2024–2026 годы следующие нормативы отчислений от общегосударственных доходов:

1) подоходный налог, уплачиваемый налоговыми агентами, – в размере 100 процентов в местные бюджеты городов и айылных аймаков;

2) налог с продаж – в размере 100 процентов в республиканский бюджет;

3) налог за пользование недрами (роялти), за исключением стратегических полезных ископаемых (золото, нефть, газ), – в размере 50 процентов в местные бюджеты городов и айылных аймаков по месту разработок месторождений, 50 процентов – в республиканский бюджет;

4) налог за пользование недрами (бонус) – в размере 100 процентов в республиканский бюджет;

5) налог на основе патента – в размере 100 процентов в местные бюджеты городов, айылных аймаков;

6) салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы боюнча бирдиктүү салык – республикалык бюджетке 100 пайыз өлчөмүндө;

7) өзгөчө режимдеги соода зоналарындагы ишке салык – шаарлардын, айыл аймактарынын жергиликтүү бюджеттерине 100 пайыз өлчөмүндө;

8) майнингге салык – республикалык бюджетке 100 пайыз өлчөмүндө;

9) электрондук соода чөйрөсүндөгү ишке салык – республикалык бюджетке 100 пайыз өлчөмүндө;

10) оюн-зоок ишине салык – республикалык бюджетке 100 пайыз өлчөмүндө;

11) жер казынасын пайдалануу укугун берүү үчүн жыйым: кендерди иштетүү жери боюнча шаарлардын, айыл аймактарынын жергиликтүү бюджеттерине – 7 пайыз, республикалык бюджетке – 93 пайыз өлчөмүндө;

12) жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана карап-күтүүгө чегерүүлөр: кендерди иштетүү жери боюнча шаарлардын жана айыл аймактарынын жергиликтүү бюджеттерине – 20 пайыз, республикалык бюджетке – 80 пайыз өлчөмүндө.

2. Жалпы мамлекеттик кирешелердин пландан ашык келип түшүүлөрүнүн суммаларын республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосунда бөлүштүрүү кирешенин ар бир түрү боюнча чегерүүлөрдүн бекитилген ченемдерине ылайык жүргүзүлөт.

3. Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери башка деңгээлдеги бюджетке алынууга тийиш эмес.

**11-берене**

1. Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджетинен жергиликтүү бюджеттер үчүн теңдөөчү трансферттердин өлчөмдөрү чыгашалардын жалпы суммасында 2 598 130,7 миң сом 13-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын 2025–2026-жылдарга республикалык бюджетинен теңдөөчү трансферттердин пландык өлчөмдөрү 13-тиркемеге ылайык жактырылсын.

3. Теңдөөчү трансферттердин каражаттары корголгон беренелерди, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү, анын ичинде көмүрдү сатып алууну артыкчылыктуу тартипте каржылоого жумшалат.

4. Республикалык бюджеттен теңдөөчү трансферттердин эсебинен коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча чыгашаларды толук каржылоо, анын ичинде көмүрдү сатып алуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жоопкерчилик алат.

5. 2024-жылга республикалык бюджетте максаттуу трансферттер түрүндө Бишкек шаарынын жергиликтүү бюджетине автобустарды сатып алуу үчүн 4 339 202,6 миң сом суммасында каражат каралсын.

6. 2024-жылга республикалык бюджетте "Социалдык төлөмдөрдү жогорулатуу" бөлүмүндө 2 000 000,0 миң сом, 2025-жылга – 3 000 000,0 миң сом суммасында 2026-жылдан тартып республикалык бюджеттен толук каржылоого өткөнгө чейин Бишкек шаарынын билим берүү мекемелеринин эмгек акы төлөө фонду боюнча чыгашалардын бөлүгүн жабууга каражат каралсын.

7. Төмөнкүлөр белгиленсин:

– жаңы мектепке чейинки билим берүү уюмдарын куруу республикалык бюджеттин эсебинен, ошондой эле финансылык каражаттар болгон учурда жергиликтүү бюджеттердин эсебинен жүзөгө ашырылат;



6) единый налог по упрощенной системе налогообложения – в размере 100 процентов в республиканский бюджет;

7) налог на деятельность в зонах торговли с особым режимом – в размере 100 процентов в местные бюджеты городов, айылных аймаков;

8) налог на майнинг – в размере 100 процентов в республиканский бюджет;

9) налог на деятельность в сфере электронной торговли – в размере 100 процентов в республиканский бюджет;

10) налог на игорную деятельность – в размере 100 процентов в республиканский бюджет;

11) сбор за предоставление права пользования недрами – в размере 7 процентов в местные бюджеты городов, айылных аймаков по месту разработок месторождений, 93 процента – в республиканский бюджет;

12) отчисления на развитие и содержание инфраструктуры местного значения – в размере 20 процентов в местные бюджеты городов и айылных аймаков по месту разработок месторождений, 80 процентов – в республиканский бюджет.

2. Распределение сумм сверхплановых поступлений общегосударственных доходов между республиканским и местными бюджетами производится согласно утвержденным нормативам отчислений по каждому виду дохода.

3. Доходы местных бюджетов не подлежат изъятию в бюджет другого уровня.

**Статья 11**

1. Утвердить размеры выравнивающих трансфертов для местных бюджетов из республиканского бюджета Кыргызской Республики на 2024 год в общей сумме расходов 2 598 130,7 тыс. сомов согласно приложению 13.

2. Одобрить плановые размеры выравнивающих трансфертов из республиканского бюджета Кыргызской Республики на 2025-2026 годы согласно приложению 13.

3. Средства выравнивающих трансфертов направляются в приоритетном порядке на финансирование защищенных статей, коммунальных услуг, в том числе приобретение угля.

4. Ответственность за полноту финансирования расходов по коммунальным услугам, в том числе приобретение угля, за счет выравнивающих трансфертов из республиканского бюджета несут органы местного самоуправления.

5. Предусмотреть в республиканском бюджете на 2024 год средства местному бюджету города Бишкек в виде целевых трансфертов в сумме 4 339 202,6 тыс. сомов для приобретения автобусов.

6. Предусмотреть в разделе «Повышение социальных выплат» в республиканском бюджете на 2024 год средства в сумме 2 000 000,0 тыс. сомов, на 2025 год – 3 000 000,0 тыс. сомов на покрытие части расходов по фонду оплаты труда образовательных учреждений города Бишкек до перехода на полное финансирование из республиканского бюджета с 2026 года.

7. Установить, что:

– строительство новых дошкольных образовательных организаций осуществляется за счет республиканского бюджета, а также при наличии финансовых средств за счет местных бюджетов;

– жаңы мектепке чейинки билим берүү уюмдарын карап-күтүү, анын ичинде алардын кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө фонду боюнча чыгашаларды каржылоо жергиликтүү бюджеттердин, ошондой эле билим берүү уюмун өнүктүрүү үчүн каржылоонун кошумча булагы катары тартылуучу ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) ыктыярдуу каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

**12-берене**

1. Республикалык бюджетте Ош жана Баткен облустарын өнүктүрүү фонддорун каржылоого 100 000,0 миң сом суммасында жана райондорду өнүктүрүү фонддорун каржылоого 854 800,0 миң сом суммасында каражат каралсын.

2. Региондорду өнүктүрүү фонддоруна жумшалган республикалык бюджеттин каражаттарын максаттуу пайдалануу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчылары жоопкерчилик алат.

**13-берене**

1. Райондук маанидеги шаарлардын жана айыл аймактарынын электр энергиясына чыгашаларын каржылоо үчүн жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга республикалык бюджетте 1 228 893,0 миң сом суммасында каражат каралсын.

2. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар райондук маанидеги шаарлардын жана айыл аймактарынын электр энергиясына чыгашаларын каржылоону электр энергиясын керектөөнүн бекитилген лимитине ылайык жүргүзсүн.

3. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчылары райондук маанидеги шаарлардын жана айыл аймактарынын электр энергиясына чыгашаларын республикалык бюджеттен максаттуу каржылоо үчүн жоопкерчилик алат.

**14-берене**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мурда алынган бюджеттик ссудалардын жана кредиттердин суммаларын 2024–2026-жылдарда жергиликтүү бюджеттерден республикалык бюджетке кайтаруу 12-тиркемеге ылайык камсыз кылынсын.

**15-берене**

Эң аз эмгек акынын өлчөмү 2024-жылга – 2 534,0 сом, 2025-жылга – 2 863,0 сом, 2026-жылга – 3 147,0 сом деп белгиленсин.

**16-берене**

1. Бюджеттик мекемелер, чарбакер субъекттер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин каражаттары тиешелүү бюджеттерге өндүрүп алынсын.

2. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 6-бөлүгүндө каралган ченемдерди жана Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жайгашкан бюджеттик мекемелерди, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Республикалык



– финансирование расходов на содержание новых дошкольных образовательных организаций, в том числе по фонду оплаты труда их работников, осуществляется за счет местных бюджетов, а также добровольных средств родителей (законных представителей), привлекаемых в качестве дополнительных источников финансирования для развития образовательной организации.

**Статья 12**

1. Предусмотреть в республиканском бюджете на финансирование фондов развития Ошской и Баткенской областей средства в сумме 100 000,0 тыс. сомов и фондов развития районов – в сумме 854 800,0 тыс. сомов.

2. Ответственность за целевое использование средств республиканского бюджета, направляемых в фонды развития регионов, несут полномочные представители Президента Кыргызской Республики в областях и главы местных государственных администраций.

**Статья 13**

1. Предусмотреть в республиканском бюджете средства местным государственным администрациям для финансирования расходов на электроэнергию городов районного значения и айыльных аймаков в сумме 1 228 893,0 тыс. сомов.

2. Местным государственным администрациям производить финансирование расходов на электроэнергию городов районного значения и айыльных аймаков согласно утвержденному лимиту потребления электроэнергии.

3. Ответственность за целевое финансирование расходов на электроэнергию городов районного значения и айыльных аймаков из республиканского бюджета несут главы местных государственных администраций.

**Статья 14**

Обеспечить в 2024–2026 годах возврат из местных бюджетов в республиканский бюджет сумм бюджетных ссуд и кредитов, ранее полученных органами местного самоуправления, согласно приложению 12.

**Статья 15**

Установить размер минимальной заработной платы на 2024 год – 2 534,0 сомов, на 2025 год – 2 863,0 сомов, на 2026 год – 3 147,0 сомов.

**Статья 16**

1. Взыскать в соответствующие бюджеты средства республиканского бюджета Кыргызской Республики, использованные бюджетными учреждениями, хозяйствующими субъектами и органами местного самоуправления не по целевому назначению.

2. Государственным органам и органам местного самоуправления, учреждениям, созданным государственными органами и органами местного самоуправления, закрыть все счета вне системы казначейства, за исключением норм, предусмотренных частью 6 статьи 105 Бюджетного кодекса Кыргызской Республики, и бюджетных учреждений, расположенных за пределами Кыргызской Республики, а также Республиканского

протездик-ортопедиялык буюмдар мекемесин коштогондо, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түзүлгөн мекемелер казыналыктын системасынан тышкаркы бардык эсептерди жапсын.

3. Көрсөтүлгөн ченемдер бузулганда, бюджеттик мекемелердин жетекчилери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

**17-берене**

1. Учурдагы жылы кабыл алынган, кошумча финансылык ресурстарды талап кылуучу ченемдик укуктук актыларды ишке ашыруу боюнча чыгашалар Кыргыз Республикасынын кийинки жылга республикалык бюджетинде каралсын.

2. Бюджеттик мекемелерге жыл башында атайын эсептерде топтолгон каражаттардын калдыктарын ушул Мыйзамга тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин пайдаланууга уруксат берилсин.

3. Региондорду өнүктүрүү фонддоруна жыл башында региондорду өнүктүрүү фонддорунун бюджеттик эсептеринде топтолгон каражаттардын калдыктарын ушул Мыйзамга тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин пайдаланууга уруксат берилсин.

**18-берене**

Сот органдарынын чечимдери боюнча жеке жана юридикалык жактардын аткаруу баракчалары боюнча төлөмдөр тиешелүү мамлекеттик органдардын каражаттарынын эсебинен жүргүзүлсүн.

**19-берене**

1. Мамлекеттик органдардын 2024–2026-жылдарга программалык бюджети 14-тиркемеге ылайык жактырылсын.

2. Мамлекеттик органдар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине бюджеттик программалар жана бюджеттик чаралар боюнча натыйжалуулук көрсөткүчтөрүнө жетүү жөнүндө жылдык отчетторду 14-тиркемеге ылайык берсин.

**20-берене**

1. Ушул Мыйзамга жылына экиден көп эмес жолу өзгөртүүлөрдү киргизүүнү кароочу бюджеттик жөнгө салуу жөнүндө мыйзамдардын жобосун аткаруу камсыз кылынсын. Мында биринчи өзгөртүү учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнунан кечиктирилбестен, экинчи өзгөртүү 1-ноябрынан кечиктирилбестен, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилүүгө тийиш.

2. Кыргыз Республикасынын аймагында өзгөчө абал жана/же өзгөчө кырдаал киргизилген мезгилде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул Мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин бекитилген бюджеттин алкагында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тиешелүү чечимдерин кабыл алуу жолу менен бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрүнүн ортосунда бюджеттик каражаттарды кайра бөлүштүрүүгө укуктуу деп белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бюджеттин ушул көрсөткүчтөрүнүн алкагында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмүнүн учурдагы өзгөрүүлөрүнө ылайык бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрүнүн сметалык дайындоолоруна өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу.

6

учреждения протезно-ортопедических изделий при Министерстве труда, социального обеспечения и миграции Кыргызской Республики.

3. При нарушении указанных норм руководители бюджетных учреждений несут ответственность в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

**Статья 17**

1. Предусмотреть в республиканском бюджете Кыргызской Республики на следующий год расходы по реализации принятых в текущем году нормативных правовых актов, требующих дополнительные финансовые ресурсы.

2. Разрешить бюджетным учреждениям использовать остатки средств, аккумулируемых на специальных счетах на начало года, до внесения соответствующих изменений в настоящий Закон.

3. Разрешить фондам развития регионов использовать остатки средств, аккумулируемых на бюджетных счетах фондов развития регионов на начало года, до внесения соответствующих изменений в настоящий Закон.

**Статья 18**

Осуществлять за счет средств соответствующих государственных органов выплаты по исполнительным листам физических и юридических лиц по решениям судебных органов.

**Статья 19**

1. Одобрить программный бюджет на 2024–2026 годы государственных органов согласно приложению 14.

2. Государственным органам представлять в Министерство финансов Кыргызской Республики годовые отчеты о достижении индикаторов результативности по бюджетным программам и бюджетным мерам согласно приложению 14.

**Статья 20**

1. Обеспечить исполнение положения законодательства о бюджетном регулировании, предусматривающего внесение изменений в настоящий Закон не более двух раз в год. При этом первое изменение должно быть внесено на рассмотрение Жогорку Кенеша Кыргызской Республики не позднее 1 июня, второе – не позднее 1 ноября текущего бюджетного года.

2. Установить, что на период действия чрезвычайного положения и/или чрезвычайной ситуации на территории Кыргызской Республики Кабинет Министров Кыргызской Республики в рамках утвержденного бюджета вправе перераспределять бюджетные средства между главными распорядителями бюджетных средств путем принятия соответствующих решений Кабинета Министров Кыргызской Республики до внесения изменений в настоящий Закон.

3. Кабинет Министров Кыргызской Республики вправе вносить изменения в сметные назначения главных распорядителей бюджетных средств в соответствии с текущими изменениями структуры Кабинета Министров Кыргызской Республики в рамках настоящих параметров бюджета.

**21-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыялануума тийиш жана 2024-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.Н. Жапаров**

Бишкек ш.
2024-жылдын 12-январы
№ 9



**Статья 21**

Настоящий Закон подлежит официальному опубликованию и вступает в силу с 1 января 2024 года.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.Н. Жапаров**

г. Бишкек
12 января 2024 года
№ 9

Приложение 14
к Закону Кыргызской Республики «О республиканском бюджете
Кыргызской Республики на 2024 год и плановый период 2025-2026 годов»

## Бюджеты министерств и ведомств на программной основе

| Код ГРБС | Код прогр. | Код меры | Код иниц. | Бюджетные программы/ Бюджетные меры | Финансирование (тыс. сом) | | | | | Индикаторы результативности | Ед. изм-я | Базовый год | Целевые значения | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 | | | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 |
| **25. Министерство финансов Кыргызской Республики** | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | **254** | | | **Администрирование государственных доходов** | **1 581 261.0** | **1 868 305.0** | **2 745 877.3** | **2 800 794.8** | **2 856 810.8** | % выполнения плановых показателей сбора налогов и других платежей | % | 100.5 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| | | | | | | | | | | Процент выполнения плановых показателей сбора таможенных платжей, сборов и других видов платежей (%) | % | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| | | 01 | | Налоговое администрирование на центральном уровне | 244 016.0 | 282 060.9 | 364 332.1 | 371 709.7 | 379 432.8 | % выполнения плановых показателей сбора налогов и других платежей | % | 100.5 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| | | 02 | | Обеспечение полноты и своевременности поступлений налогов, страховых взносов и других платежей на территориальном уровне | 1 337 245.0 | 1 329 244.1 | 2 124 545.2 | 2 166 945.1 | 2 209 995.2 | Себестоимость 1 сома собранного налога (Расходы ГНС /к общему объему налоговых поступлений) | сом | 0.018 | 0.024 | 0.024 | 0.026 | 0.026 |
| | | 03 | | | | | | | | | | | | | | |
| | | 04 | | | | | | | | | | | | | | |
| | | 05 | | Сопровождение и обеспечение информационных систем | 0.0 | 257 000.0 | 257 000.0 | 262 140.0 | 267 382.8 | реализация поставленных задач | % | | 100 | 100 | 100 | 100 |